*Ж.Саадаев атындагы толук эмес орто мектеби.*

# *Мекен таануу*

*Сабактын темасы:*

# *Электр буюмдары*

*1-класс*

Мугалим: Абдраимова А.

**Мекен таануу 1-класс 2.12.21-жыл.**

**Сабактын темасы: Электр буюмдары.**

| Сабактын максаты | | |
|---|---|---|
| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
| Окуучулар электр буюму, аларды этияттап колдонууну жана электр энергиясын үнөмдөөнү билишет. | Сөз байлыгын өнүктүрүшөт. | Этияттыкка, сактыкка тарбияланышат. |
| Күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрү | | |
| Окуучулар электр буюмун тааныша жана колдоно билишсе. | Сөз байлыгын өнүктүрүшсө. | Этияттыкка, сактыкка тарбияланышса. |

Сабактын жабдылышы: окуу китеби, темага карата сүрөттөр, баалоочу каражаттар.

Сабактын тиби: жаңы билимди өздөштүрүү.

Сабактын формасы: жалпы класс менен, топто иштөө.

Сабактын методу: кунт коюп угуу, көрсөтмөлүү, аңгемелешүү.

| Сабактын этабы | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | Баалоо | Компо-тенттүүлүк |
|---|---|---|---|---|
| Уюштуруу | Саламдашуу. Окуучуларды жоктоо. Сабакка даярдоо. Жагымдуу маанай түзүү. | Саламдашат. Сабакка даярданышат. Жагымдуу маанай түзүшөт. | Формативдик Баалоо | НК2 |
| Үй тапшырмасын суроо | Үй тапшырмасын сурайт. Үй шаймандары. | Окуучулар үйгө берилген тапшырманы айтышат. | Ф.Б. | НК1, НК2, НК3, ПК1, ПК3 |
| Билимдерин актуалдаштыруу | Өтүлгөн сабактагы тема суралат. | Окуучулар мугалимдин суроосуна жооп беришет. | Ф.Б. | НК3 |
| Жаңы тема | Жаңы темага түшүнүк берет. Электр буюмдары. Үйдө ар түрдүү электр буюмдары бар. Электр тогу үйүбүзгө жарык жана жылуулук берет. Сүрөттөгү электр | Балдар тема боюнча түшүнүк алышат. Түшүнбөгөн суроолорду беришет. Тема боюнча талкуу жүргүзүшөт. Электр тогу менен иштеген буюмдарды билишет. Аны колдонгондо | С.Б.Э.Б. | НК1, НК2, ПК3 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | буюмдарын атоо. Алар кандай кызмат аткарат? Электр буюмдарын колдонгондо коопсуздукту сактоону айтып отуу. Биз электр тогун коп иштетебиз. Мисалы: телевизор иштетебиз, утук ысытабыз, уйду жарык кылабыз. Электр тогунун жардамында далай жумуштар бутот. Биз ага акча толошубуз керек. Анны эсептоо учун уйлорго эсептегич коюлган. Ошондуктан электр тогун уномдошубуз керек. | коопсуздукту сактоого уйронушот. Электр кубатын уномдоого тарбияланышат. | | |
| Физьминутка | Физьминутка жасоо.<br>Чуркайт биздин коёнек<br>Кулактары серендеп<br>Кутуп турам дайыма<br>Капустасын берем деп<br>1,2,3 колубузга куч<br>1.2.3 бутубузга куч<br>1,2,3 отурабыз туз | Физьминутка жасашат. | К.Б. | НК3 |
| Сабакты бышыктоо | Кандай электр буюмдарын билесинер?<br>Эмне учун электр тогун уномдоо зарыл? | Суроолорго жупта, жеке жооп беришет. | С.Б. | НК2, ПК5 |
| Сабакты жыйынтыктоо | Сабак жактыбы?<br>Сабактан эмнени уйрондун?<br>Кайтарым байланыш жасоо. | Окуучулар мугалимдин суроосуна жупта, жеке жооп беришет. | Б.Б.Б. | НК2, ПК3 |
| Уйго тапшырма | Сурот боюнча аңгеме тузуу. | Тапшырманы белгилеп алышат. | Ф.Б. | НК1, ПК4 |
| Баалоо | Оозеки баалоо. | Бааларын угушат. | С.Б. | НК3 |

Текшерилди.
Баш.кл. УБЖси: [signature]

Ж.Саадаев атындагы толук эмес орто мектеби.

Сабактын темасы:

# «Тиричиликте колдонуучу химиялык каражаттар».

Текшерилди
УБ жетекчиси: Машрашева А.А.

Мугалим: Жакыпбекова Г.К

**Сабактын темасы:** **Тиричиликте колдонуучу химиялык каражаттар**

**Сабактын максаты:** 1.Билим берүүчүлүк:

Окуучулар турмуш-тиричиликте колдонуучу химиялык каражаттар жөнүндө м алымат алышат.

2.Өнүктүрүүчүлүк:

Турмуш-тиричиликте колдонуучу химиялык каражаттар жөнүндө айтып бере алышат. Үй тиричилигинде колдонуучу химиялык каражаттарды кантип колдонуу керектигин биле алышат. Туура эмес колдонуп же бөтөлкөсүн алмаштырып куюштуруп байкабастыктан химиялык каражаттардан жабыркаса биринчи жардам кантип көрсөтүү керектигин билишет.

3.Тарбия берүүчүлүк:

Кырсыктын алдын алууга сактыка, этияттыка тарбияланышат.

**Сабактын тиби:** Жаңы билимди өздөштүрүү

**Сабактын методу:** Түшүндүрүү, көрсөтмөлүүлүк

**Сабактын формасы:** Жалпы класс менен иштөө

**Сабактын жабдылышы:** ТСО

**Сабактын жүрүшү:** Уюштуруу: (саламдашуу, окуучуларды жоктоо) Үй тапшырманы кайталоо:

**Жаңы тема:**

- Тиричиликтеги каражаттар, жада калса кир жууган порошокту же соданы сөзсүз түрдө тамак-аштан алыс коюп, балдар жетпегендей жерде сакталышы зарыл.
- Ар бир идиштин же кутунун сыртында жазуусу болуш керек.
- Каражаттарды колдоноор алдында сөзсүз түрдө колдонуу сунуштарын (өзгөчө уулуу химикаттар менен иштеген учурда тыкан окупчыгыш) окуп чыгыш керек.
- Суюк заттарды куйганда сөзсүз куйгучту (воронка) колдонуп, ал эми чубурма майда заттарды кашык менен салуу керек.
- Көзгө зыяндуу заттарды чачыратып же киргизип албаш керек.
- Колдонулган идиштерди таза жууп кургатуу керек.

- Уулуу химиялык заттар менен иштеп жатканда сөзсүз түрдө атайын кийимдерди кийиш керек (желим колкап, халат, фартук, комбинзон)
- Коргоочу көз айнек кийүү сунушталат.
- Иштеп бүткөндөн кийин, кийген кийимдерди жууш керек.
- Калып калган уулуу химикаттарды сууга, дарыяга, көлгө үйдүн ичиндеги раковинага төкпөстөн эл жашаган жерден алыс жерге жерди терең казып көмүп салуу керек.
- Химикатты (дихлофос, хлорофос) имараттын ичине чачыратып жатканда тамак-ашты, үй жаныбарларын, аквариумду тышка чыгарып алыш керек.
- Химиялык заттар мененууланган учурда дароо тез жардамга кайрылуу, врачты ошол замат чакыруу керек.

Мисалы шампуньдун бөтөлкөсүнө белизинаны куюп байкабай башыңа куюп алсаң анда сууну көбүрөк агызып 10 минута сууда карма башыңды. Көзгө химиялык заттар (мисалы порошок, шампунь, самын ж.б коркунучтуу химиялык заттар) кирсе чачыраса 15-20 минута сууда көздү ачып сууну киргизип тазала. Эгер айне банкага уксустун аралашмасы куюлуп турса сен байкабастан суусап суу экен деп ичип алсаң анда аркасынан көп өлчөмдө сүт ич кусканга аракет кыл.

**Бышыктоо:** 1.Үй тиричилигиндеги химиялык каражаттарга эмнелер кирет? 2.Химиялык каражаттардан жабыр тартканда кандай биринчи жардам көрсөтүлүш керек? 3.Химиялык каражаттарды кантип туура колдонуш керек жана кандай сакташ керек?

**Жыйынтыктоо:** Бүгүн биз кайсы теманы өттүк ,тема боюнча өзүңөргө эмне ала алдыңар

**Окуучуларды баалоо:**

**Үй тапшырма:** Берилген суроолого жооп берүү.


Тема:
Өрт
коопсуздугу

Сабактын максаты:

1.Өрт коркунучу жөнүндө маалымат алышат.

2.Өрттүн келип чыгуу себептери:адам өмүрүнө, жаратылышка тийгизген таасирин билүү менен чектелип калбастан, күнүмдүк турмушта өрт кырсыгынын алдын алууга тарбияланышат.

# Өрт деген эмне?



Өрт-бул материалдык баалуулуктардын өрттөнүп жок болушу жана адам баласынын өмүрүнө коркунуч менен коштолгон, контролдукка алынбаган өрттөнүп-күйүү процесси .

•Негизи өрт кырсыгынын 2 түрү болот, биринчиси, жеке имараттар, үйлөрдө чыккан кырсык болсо, экинчиси, жаратылышта чыккан өрт кырсыктары болуп саналат. Имараттарда өрт кокустан чыгып кетсе, жаратылыш кучагында болгон өрттөр көпчүлүк учурда гана кургакчылыктын кесепетинен, күндүн ысыгынан өрттөнүп кетиши мүмкүн. Ошондуктан жаратылышка эс алуу үчүн барышкан адамдар өрт коопсуздугунун эрежелеринин сактоосу керек.



•Ал эми өрттү болтурбоонун эң маанилүү аспекти-ишке алардын астында ар бир кызматкерге өрт коопсуздугу жонундо билип-үйрөнүү маалыматы берилиши керек. Бул маалымат бир жолу гана берилбестен, кайра-кайра кайталанып,пландан тышкары жана максаттуу инструктаждар өтүлүп туруусу зарыл.



Ж.Саадаев атындагы толук эмес орто мектеби.

# «ЖОЛДО ЖУРСОН САК БОЛ,
# ЭРЕЖЕГЕ ТАК БОЛ!»

*(жолдо журу эрежелери боюнча бир айлыктын жыйынтыктоо иш чарасы)*

Мугалим: Абдраимова А.М.

# ЖОЛДО ЖҮРҮҮ ЭРЕЖЕСИ

**Тема: "Жолдо жүрүү эрежеси".**

**Максаты:** 1. Окуучуларга жол эрежесин түшүндүрүү жана жол белгилерин так билүүгө үйрөтүү.

2. Балдарды жолдо жүрүүдө тыкан алып жүрүүгө, көңүл буруууга, тартиптүүлүккө тарбиялоо.

**Жабдылышы:** таблицалар, сүрөттөр, жол белгилери.

**Жүрүшү:** Уюштуруу.

**Мугалимдин сөзү:** - Ар бирибиз жолдо жүрүү эрежесин жакшы билүүгө тийишпиз. Көчөдө басуу өтө деле кыйын эмес, бирок шаарда жана айыл-кыштактагы көчөлөрдөгү автомобилдер, автобус, троллейбустар тынымсыз ары-бери өтүп турушун баарыбыз көрүп, билип жүрөбүз. Мына ошол тынымсыз жүргөн түрдүү машиналардан этият (сак) болууга үйрөтүү баарыбыздын милдетибиз.

Машина айдоочулар эреже боюнча так жүрүүгө аракет кылышат. Себеби айдоочуларга жолдо жүрүүнүн эрежесин так окутуп, анан машина айдоо укугун беришет. Жалаң эле машина айдоочулардын жол эрежеси эмес, жөө жүргөн адамдардын да жолдо жүрүү эрежеси бар. Андыктан жол эрежесин окуп үйрөнүп, аны ар дайым так сактоо биздин милдет.

Көчөдө бара жатканда шашпай, жолдун чети менен басуу туура.

Адамдар автобуска же троллейбуска түшкөндө арткы эшигинен кирип, алдыңкы эшигинен түшүү керек. Көчөдө бара жатып көчөнүн бир жагынан экинчи жагына өтүүдө ар дайым эки жакты карап өтүү зарыл. Шаар жергесинде жүргөндө атайын жөө адам өтүүчү белгилерден же болбосо светофордон жана жер астындагы өтүүчү жолдордон өтүү керек.

Биз жөө жүрүү эрежесин так билбесек, анда жол эрежесин бузуп, көптөгөн кырсыкка кабылып өзүбүздүн өмүрүбүзгө, ден соолугубузга жана машина айдоочуга зыян алып келебиз.

Светофордун ар бир жарыгы өзүнчө символдук мааниге ээ.

- **Жашыл жарык** - бул өзү жаштыктын жана жашоонун, ден соолуктун, ошондой эле жашоодогу жолуң ар дайым ачык деген символду билдирет.
- **Сары жарык** - бул адамды бөөдө кырсыктан сак болууга, жашоодо ар бир адамдын кылдат жашоосуна багыт берүүчү символдук белги болуп саналат. Ошондуктан биз окуп үйрөнүүчү жол эрежелери боюнча ырлардан айтабыз.

Кана балдар айткыла!
Эрежени билбесек.
Эркин ойноп көп жүрсөк,
Эки жакты карабай.
Чуркап өтүп жолдордон,
Эрежени бузсак биз,

Эмне болот айткыла!

**Балдар:** Кырсык болот.
Болбос үчүн кырсыктар,
Айталы жол эреже.

Эсиңерге туткула!
Билбегендер билишсин.

**Ыр.** Эрежени бузбайбыз
Жолдо жүрүү өзүнчө.

Кызык экен окусаң,
Эрежени үйрөнсөң,
Эркин басып жүрөсүң.

Эрежени сакташат
МАИ деген ар дайым.
Эрежени үйрөнүп
Эрежени бузбайбыз.

**Декламациялар:**
Жол үстүндө үч кабат,
Илинген нурду карагын.
Светофор деп коет.
Эсине ал, өчүп-жанганын.

Көңүлүнө илгиниң,
Көчө шартын, дилгирим!
Шашкандардын шаарында,
Не болоорун билгиниң.

Жанаша турган көзү бар,
Жакшылап айткан сөзү бар.
Кызыл, сары, жашыл да,
Так көргөзгөн жолу бар.
(светофордун кызыл жарыгын көргөзүп).
Көрдүнбү? - жанды кызылы.
Көбүнө арбын кызыгы.
Кишилер өтпөй турсун деп
Чийилген жолго сызыгы.
(светофордун сары жарыгын көргөзүп)
Кызылы өчпөй баспагын,
Шаанисн башка карагын.
Сарысы күйүп турганда,
Санынды чаап шашпагын.
(Светофордун жашыл жарыгын көргөзүп).
Жашыл күйүп калганда
Жарашпайт карап калганга,
Жорголой тартып өтүп кет,
Жол берип жатат өткөнгө.
Мына балдар биз светофор жөнүндө кичине болсо да окуп үйрөндүк. Ал эми темир жол аркылуу эмне жүрөт?
**Балдар:** Паровоз.
Ооба, балдар анда биз темир жолдо жүргөн паровоз жөнүндө да айта кетели.

(Паровоздун сүрөтү илинип)
Кыя бел, кыштак шаардан,
Шашып келет паровоз.
Азык, түлүк, эл тартып,
Бачым келет паровоз.
Темир жолго ойнобо!
Тепсебейт деп ойлобо.
Токтоталбайт поездди
Темир жолдон алыс бол!
Бул айткандын баарысын
Эсиңерге тут балдар!

**Мугалим:** Камырабай Укпасбек,
Топ ойноп жаткан жол жээгинде,
Ай, ай эмне болот эми
Чоң жолго ыргып кетти, мына, мына.
Машина келе жатат тигинде.
**Укпасбек:** (топтун артынан жүгүрөт)
(Машина Укпасбекти коюп кетет)
Ай, ай, ой, ой бутум ай, бутум.
**Айдоочу:** (машинаны токтотуп)
Ай, ай, чунак бала,
Эмне болду сага?
Чоң жолдо коркпой,
Ойногонун кара.
Тирүүсүнбү, айланайын ай, айланайын.
**Укпасбек:** (ыйлайт)
Ой бутум ай, бутум.
**Айдоочу:** (бутун кармалап көрүп)
Бутун сынып калган тура,
Тез жеткизейин ооруканага.
(айдоочу Укпасбекти ооруканага алып кетет).
**Балдар:** "Кырсык каш-кабактын ортосунда". Мына балдар жол жээгине ойнобогула!
**Декламация:** Топ ойнобо чоң жолдо,
Машиналар көп өтпөс деп.
Шашпай жүргүн көчөдө,
Кокустук деген балакет
Укпасбекти көрдүңөр
Эмне болгонун өзүңөр.
Жол жээгине ойнобо!
Кырсык болот ушундай.
(милиционер ала-була таягы менен чыгат).

Мына менин колумдагы
Ала-була таягым да,
Жол кыймылын башкарат,
Сыйкырдуудай карачы.
**Бала:** Жолдо турган милиционер,
Жол эрежени сактаган,
Азыр айтат силерге,
Жол эреже сабагын.

**Милиционер:**
Эгер мен далым салып,
Же турганда бетме-бет,
Анда досум ойлонбостон
Светофордун кызыл көзүн элестет.
Колум сунуп турсам тосуп
Анда дагы күтө тур
Ала-була таягымды
Тик жогору көтөргөндө
Сары жарык күйдү де
Даярданып тургун анда
Жолдон өтүп кетүүгө
Капталымды салып сага
Турсам колду түшүрүп
Же өт! - деп көрсөтүп
Таягым менен белгилеп
Анда досум өтө бергин
Жашыл жарык күйдү деп
Жолдон ары өтөрүңдө
Алаксыбай үлгүргүлө.
Жөө жүрүүнүн эрежесин
Беш колуңдай билгиле!

**Бала:** Жол эрежеси ушундай,
Айткандарды туткула!
Жол эрежесин так окуп,
Жол кырсыкка кабылба!

**Бала:** Жол эрежени так билсек,
Кырсык болбойт эч качан.
Өмүрүнө коркунуч,
Алып келбейт эч качан.

**Хор:** Жол эрежени сактайлы,
Ден соолукту барктайлы.
**Хор ырдоо:**
**"Жол эрежесин окуйбуз"**

Уят болбой окуйбуз,
Жол белгисин баарыбыз.
Эрежени бузбастан,
Эстүү балдар болобуз.

Жол үстүндө үч кабат,
Илинген нурду карайбыз.
Светофор деп коет,
Эсиңде болсун ар дайым.

Сарысы күйсө камданып,
Кызылы жанса токтойбуз.
Туура эмес өтүп көчөдөн,
Машина жолун тоспойбуз.

Жол белгисин билбесек,
Жаман жорук башталат.
Шашпай жүргүн көчөдө,
Кокустук деген балакет.

Ошондуктан окуйлу,
Жол белгини жакшылап.
Жолдо болбойт кырсыктар,
Эрежени так билсек.

Ж.Саадаев атындагы толук эмес орто мектеби

# ЗОРДУК ЗОМБУЛУКСУЗ БАКТЫЛУУ БАЛАЛЫК


Мугалими: Конокбаева Ч. Н.

Чуй району Кызыл Аскер айылы

15.11.21 Текшерилди

УБ жетекчиси: Мамыкамиева А-В.

# ӨЗҮҢДҮ ЗОМБУЛУКТАН КОРГО!



# ЭГЕРДЕ АДАМ ЗОМБУЛУККА УЧУРАГАН БОЛСО, ЭМНЕ КЫЛЫШ КЕРЕК?

Эгерде зомбулук болгон болсо – аны жашырбаш керек. Сөзсүз ата-энеге же сага дос болгон, сен ишенген чоңдорго айтуу керек. Ошондой эле жардам алыш үчүн атайын уюмдарга кайрылса болот. Сен бул китепчеден ал уюмдардын телефондорун таба аласың. Бул уюмдарда иштегендер, балдарга карата кыянатчылык кылган адамды жазалоо үчүн, бардык аракеттерди аткарышат, ошондой эле сени колдоп, керектүү жардамын бере алышат.



# ЗОМБУЛУК ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА АЛ КАНДАЙ БОЛОТ

Зомбулук бир нече түргө бөлүнөт – күч зомбулугу, психологиялык, сексуалдык. Күч зомбулугу: Бул адамдын организмине башка адам тарабынан зыян келтирген учур. Күч зомбулугу – бул адамды сабаган (урган), тепкен, муунткан, бычак же башка аспап менен аны жарадар кылган, адамдын үстүнө муздак же ысык суу төгүп таштаган, бөлмөгө камап, чыгууга тыюу салган, зарыл учурда медициналык жардам көрсөтпөгөн учурлар. Психологиялык зомбулук деп моралдык же эмоционалдык (сезимдик) зомбулукту аташат. Психологиялык зомбулук – бул адамды кемсинтүү, ар дайым сынга алуу, анын кадыр баркын басмырлоо, ал жасабаган нерседе күнөөлө, коркутуп, үркүтүү дегенди билдирет. Психологиялык зомбулук адам денесине зыян алып келбейт, бирок жан дүйнөсүндө терең жаракат калтырат. Психологиялык зомбулуктан жапа чеккен адам, тынчсызданууну, керексиздик жана күнөө сезимин сезет. Психологиялык зомбулук адамдын өзүн өзү сыйлоо жана жеке кадыр барк сезимине олуттуу зыян келтириши мүмкүн. Сексуалдык зомбулук бул адамды анын эркине каршы сексуалдык аракеттер үчүн пайдалануу дегенди билдирет. Сексуалдык зомбулукка мүнөздүү белгилер, булар чечинүүгө, жыныстык катнашка аргасыз кылуу, анын жыныстык мүчөлөрүн кармалоо же башка адамдын жыныстык мүчөлөрүн кармалоого мажбурлоо, ошондой эле сексуалдык мүнөздөгү бардык башка аргасыз кылган аракеттер. Кыргыз Республикасынын мыйзамы боюнча, 16 жашка толгон адам менен ыктыярдуу сексуалдык мамилелер мүмкүн экендигин билүү маанилүү. 16 жашка толо элек экендиги белгилүү болгон адам менен сексуалдык мамилелер, эгерде алар ыктыярдуу болгон болсо дагы, КРнын Жазык кодексинин 132-бер. Ылайык үч жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат. Тилекке каршы, бала же өспүрүм зомбулукка ар кандай жерде – көчөдө, мектепте, дискотекада же үйдө дагы туш болушу мүмкүн.

## Сабактын темасы:

## «Зордук зомбулуксуз бактылуу балалык»

### Сабактын максаты:

1. Окуучуларга зордук –зомбулук, конфликт анын себептери, коомдогу ролу жонундо тушундуруу.

2.Окуучуларга адеп –ахлахтык, ыймандык, толеранттуулук тарбиясын беру.

3.Зордук-зомбулук, конфликт анын турлору, чечуунун жолдору жонундо билимдерин остуруу.

Сабактын жабдылышы: карточкалар, суроттор,конфликт боюнча таяныч сигналдар

Сабактын тиби:Жана материалдарды уйронуу сабагы.

Сабак аралык байланыш: Турмуш тиричилик коопсуздугунун негиздери, мекен таануу, адеп

Сабактын журушу:

1.Уюштуруу иши

2.Жагымдуу маанай( бири бирине каалоо тилек айтуу.

3.Жаны тема

1-этап

Мугалим сабактын максаты менен тааныштыруу

Топтордо иштоо

1- топ.Зордук зомбулук оспурумдорду коркутуу, жагымсыз нерселерге мажбурлоо дегенди кандай тушуносун?

2-топ Конфликт- деген эмне? Ал кандайча пайда болот?

3- топ « Оспурумдордун укуктары» дегенди кандай тушуносунор?(убакыт берилет, окуучулар доскада

презентациялашат)

3- топ Мээге чабуул

_Зордук зомбулук болгон учурда силер эмне кылат эленер? Аны жоюга болобу?

- Конфликтичи?

4- этап

Болгон окуялар. Педофилдер, зоокурлор кордолгон балдар жонундо айтып беру( окуучулар менен ангемелешуу) Мына ушундай зоокурлорду эмне менен кантип жазалоо керек? Зоокурлор кимдер?

Кандай адамдар болушат?( пикир алмашуу)

Мугалим: Абдан жакшы билдируу жасадынар, толеранттуулук, конфликт деген создорго кластер тузуу

| | |
|---|---|
| Зомбулук 1.Коркутуу | 5.Опузалоо |
| 2.Кемсинтуу | 6.Мажбурлоо |
| 3.Уруп -согуу | 7.Коркутуу |
| 4.Каралоо | 8.Эркиндикти чектоо |

Уйго тапшырма: Зордук –зомбулуктун зыяндуулугу деген темада

ЭССЕ жазып келуу.